DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



## ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ
## ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ
## HISTORICAL SCIENCES

*Абытов Б.К.*

# БҮТКҮЛ ЭЛДИК «НООРУЗ» МАЙРАМЫ ТУУРАЛУУ АЛГАЧКЫ РАСМИЙ БУЙРУК

*Абытов Б.К.*

# ПЕРВЫЙ ОФИЦИАЛЬНЫЙ ПРИКАЗ О ВСЕНАРОДНОМ ПРАЗДНИКЕ «НООРУЗ»

*B.K. Abytov*

# FIRST OFFICIAL ORDER ON NATIONAL HOLIDAY «NORUZ»

*УДК: 9.93*

*Макалада "Нооруз" майрамын, бүткүл элдик майрам деп жарыялаган Туркестан АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин 1920-жылдагы расмий буйругу тууралуу баяндалат. Негизи "Нооруз" майрамынын башаты байыркы перс державасынан башталат. Байыркы мезгилден баштап эле "Нооруз" – табияттын күн менен күн менен түн теңелген кездеги көктөм майрамы, жаңы күн, жаңы жашоо, деги эле бардык жаңылануунун майрамы катары эсептелет. Тилекке каршы Кеңеш доорунун алгачкы жылдарынан баштап эле, динге каршы күрөштүн, ашыккан атеизмдин алкагында "Нооруз" майрамын эски замандын калдыктарына, диний көз караштарга байланыштырып, эски үрпадаттардын, салт-санаалардын, социалисттик маданиятка жат көрүнүштөрдүн жыйындысы катары кине коюп, Кеңеш доорунда бул майрам майрамдалбай калган. Бирок дал ошол Кеңеш доорунун башатында кээ бир жергиликтүү эр азаматтар, өз элинин, мамлекетинин улуттук кызыкчылыгын, маданий баалуулугун, ата-бабалардан калган мурастарын, эл сүйгөн жана күткөн майрамды расмий түрдө сактап калууга аракет кылганын биздин колдогу архивдик документ тастыктады. Бул бүткүл элдик "Нооруз" майрамы тууралуу Туркестан АССРинин БАК тарабынан чыккан расмий буйругу. Расмий түрдөгү бийликтердин экинчи чечими, бизде эгемендүү жана көз карандысыз Кыргыз Республикасында 1991жылы чыкканы маалым.*

***Негизги сөздөр:** майрам, буйрук, документ, бүткүл элдик, Нооруз, расмий буйрук.*

*В статье извещается приказ Центрального исполнительного комитета Туркестанской АССР от 20 марта 1920 года, о всенародном праздновании праздника "Начало весны" - "Науруз". Отмечается, что праздник "Нооруз" берет начало со времен древнеперсидской державы. Издревле этот праздник отмечается в день, когда ночь и световой день сравниваются, начинается новый день, новая жизнь, обновление всего, что живое. К сожалению, в начале советской эпохи, с началом борьбы с религией, воинственного атеизма, праздник "Нооруз" был отменен как остаток прошлого, связанного с религией, как наследие традиций и обычаев прошлых лет. Праздник "Нооруз" также был отменен как чуждый элемент, новой социалистической культуры. Однако в том же начале Советской эпохи нашлись люди, в составе высшего руководство Туркестанской АССР, которые хотели спасти одного из самого древнего, традиционного праздника народов региона. Именно тем самым, они хотели сохранить традиционную культурную и духовную ценность местных народов, закрепив официальным постановлением и приказом. Тому свидетельство приказ ЦИК Туркестанской АССР от 1920 года. Следующее подобное решение официальных властей, у нас вышло только после приобретение суверенитета и независимости Кыргызской Республики в 1991 году.*

***Ключевые слова:** праздник, приказ, документ, всенародный, Нооруз, официальный приказ.*

*The article informs about the order of the Central Executive Committee of the Turkestan ASSR of March 20, 1920, on the national celebration of the holiday "The Beginning of Spring" - "Nauruz". It is noted that the holiday "Nooruz" dates back to the times of the ancient Persian empire. Since ancient times, this holiday is celebrated on the day when night and daylight are compared, a new day begins, a new life, the renewal of everything that is alive. Unfortunately, at the beginning of the Soviet era, with the beginning of the struggle against religion, militant atheism, the holiday "Nooruz " was canceled as a remnant of the past associated with religion, as a legacy of the traditions and customs of the past. The Nooruz holiday was also canceled as an alien element of the new socialist culture. However, at the*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*very beginning of the Soviet era, there were people in the top leadership of the Turkestan ASSR who wanted to save one of the most ancient, traditional holidays of the peoples of the region. In this way, they wanted to preserve the traditional cultural and spiritual value of the local peoples, fixing it with an official decree and order. This is evidenced by the order of the CEC of the Turkestan ASSR of 1920. The next such decision of the official authorities, we came out only after the acquisition of sovereignty*

***Key words**: holiday, order, document, national, Nooruz, official order.*

Билген адамга архив дүйнөсү - кереметтүү, кызыктуу, так маалыматтар, кол жазмалар, кино-фото документтер дүйнөсү. Архивдердин чыныгы маани-маңызын архивде олтуруп, документтерди таап, тийиштүү түрдө иликтеп, алардын чыныгы маани-маңызын түшүнө алган, кызыгына батып, аларды кеңири окуучулар аудиториясына жеткире алган гана адамдар билет. Ачыгын айтыш керек, архивге бир кирип алсаң, алөзүнчөэлекенч, ар тараптуу, түбүнө жете алгыс чыныгы тарыхый мурастар байлыгы. Улам-улам жаңы маалыматтарды таап окуган сайын кызыгууң артат. Архивдердеги убакыттын изи калган, барактары саргарган документтердин ар бири адамды өзүнө тартып, сыйкырчыдай арбыйт. Дал ошол архивдерден биз көптөгөн өз убагында көпчүлүккө маалым болбой калган же тиешелүү маани берилбей унутта калган маалыматтарды, документтерди таап, тарыхый мурас катары колдонуп жүргөнүбүз да талашсыз көрүнүш.

Архивдердин дагы бир өзгөчөлүгү алардагы фонддордун материалдарынан кээде күтүлбөгөн, мурда такыр белгисиз болгон тарыхый, саясий, социалдык-экономикалык жана маданий маанидеги маалыматтарды тапсак, кээде иликтенип бүттү деген маселедеги мурда белгисиз, иликтенүүчү маселенин дагы бир жагын толуктап, ачып көрсөткөн тарыхый булактарды табабыз. Кээде биз ынанып, бир катар муундарга үлгү болуп, алардын көз карашы, ишеними калыптанган тигил же бул маселе боюнча таптакыр күтүлбөгөн, башка маанидеги документтер да табылып, окурмандардын, керек болсо бир катар муундардын көз карашын өзгөрткөн тарыхый булактар, архивдик документтер табылып калат.

Мына ошондой бир архивдик документти окурмандардын назарына тартуулагыбыз келди. Кеңеш доорунда Нооруз майрамын эски замандын калдыктарына, диний көз караштарга байланыштырып, Орто Азия элдеринин эски үрп-адаттарын, салт-санааларын, социалисттик маданиятка жат көрүнүштөрдү камтыйт деген кине менен 70 жылга жакын майрамдалбай келгени талашсыз. Ал эми расмий бийликтер, большевиктер, кийинчерээк коммунисттер партиясы “Нооруз” майрамын майрамдоого расмий тыюу салып келгени да тарыхый чындык. Бирок качан, ким тарабынан, кайсы чечимдин негизинде “Ноорузду” майрамдоого тыюу салынганы тууралуу расмий токтом же буйрук чыкканы белгисиз. Кыязы “бөрк ал десе баш алган”, ашынган идеологдор, атеисттер, партиялык кызматкерлер өз ээлеген жетекчилик кызматтарына зыяны тийбесин дегенсип, Нооруз майрамын уюштуруп, өткөрүүдөн тартынып, чочуп, коркуп, аны өткөрүүгө тыюу салып келишкен. Ошентсе да, дал ошол Кеңеш доорунун башатында кээ бир эр азаматтар, өз элинин, мамлекетинин улуттук кызыкчылыгын, маданий баалуулугун, ата-бабалардан калган мурастарын, эл сүйгөн жана күткөн майрамды расмий түрдө сактап калууга аракет кылган көрүнүштөр жок эмес. Буга далил биз сунуш кылып жаткан “Нооруз” майрамы тууралуу расмий буйрук.

Баса, өз убагында элибиз кастарлап тосуп, кеңири майрамдаган “Нооруз” майрамы тууралуу биз мурда да жазганбыз. Анда биздин элибиз мурда жана учурда кандай майрамдашканы тууралуу баяндалаган эле [1]. Бирок биз бүгүн тартуулап жаткан расмий бийликтердин, расмий буйруктары тууралуу сөз болгон эмес.

Учурда сиздерге сунуш кылып жаткан баянда, колубузда бар, дал ошол мамлекеттен дин бөлүнүп, өлкөдө ашыкча атеисттик маанай күчөй баштаган, формасы улуттук, маңызы социалисттик маданият курула баштаган Кеңеш доорунун башатындагы, Туркестан АССРинин расмий, жогорку бийлик органы Туркестан АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин чыгарган кызыктуу да, талаштуу да токтомунун негизиндеги буйругу бар. Анда Нооруз майрамына тыюу салынбай эле, кайра расмий түрдө бүткүл элдик майрам катары майрамдоо баса белгиленген. Бул жергиликтүү элдердин мурдагы маданий мурастарын сактап калуунун алгачкы расмий аракеттеринин бири. Баса мындай расмий буйруктар СССР кыйрап, эгемендүү жана көз карандысыз мамлекеттер пайда болгондон кийин кайра жанданганы да белгилүү. Ал тууралуу төмөндө сөз болот.

Бул буйруктун *кызыгы*, жаңы саясий система, жаңы бийлик, жаңы маданият күчөп жатканда, эски, кылымдарды карыткан маданий мурасты, элдик эс тутумдагы майрамды кайрадан жандандырууга болгон расмий бийликтин аракети экендигинде. Ошентип, Нооруз майрамы тууралуу атайын №26 буйрук, 1920-жылдын 20-мартында азыркы Борбордук Азия чөлкөмүнүн дээрлик баардык титулдук элдери кирген Туркестан АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



токтомуна ылайык Ташкент шаарында чыккан. Бул буйрукка ошол кездеги Туркестан АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы Т.Рыскулов, катчы С.Абдуллаев *(биз ошондой окудук - авт.)* кол коюшкан [1]. Аталган буйруктун эң негизги максаты, кылымдар бою көптөгөн чыгыш элдери майрамдап келген “Нооруз” РСФСР-дин курамындагы Туркестан АССРинин аймагында расмий түрдө бүткүл элдик майрам “Жаздын башталышы” - “Науруз” деп атайын токтом менен жарыялангандыгында. Бул буйрукту баардык Өкмөттүк ишканаларга телеграф, телефон менен жеткирүү милдеттендирилген.



ПРИКАЗЪ
№ 26
20 Марта 1920 г.
г. Ташкентъ.-

Согласно постановленія Ц.И.К.Совѣтовъ Туркестанской Совѣтской Республики Р.С.Ф., отъ 20 сего Марта, постановлено: день 22 Марта считать всенароднымъ праздникомъ "НАЧАЛО ВЕСНЫ" -"НАУРУЗЪ".- День этотъ считать неприсутственнымъ и занятій въ Правительственныхъ учрежденіяхъ производить, о чемъ и объявляется для свѣдѣнія и немедленного исполненія.-

Настоящій приказъ ввести въ дѣйствіе по телеграфу, а в ... по телефону.

Председатель Ц.И.К.Совѣтовъ Туркестанской Совѣтской Республики Р.С.Ф.

Секретарь Турцика

Аталган буйруктун, ***талаштуу*** жагы, негедир ошол жылы бүткүл элдик майрам **“Науруз” - “Нооруз”** 22-март күнү деп эсептелген. Эмне үчүн ошол жылы 22-март деп жарыяланганын расмий документтерден тактоого мүмкүн болгон жок. Балким, ошол учурдагы билермандардын божомолу, айтуусу боюнча жыл тогошу же айлар тогошунун натыйжасында ошол күнгө туура келгендир. Мүмкүн, буйрук чыгаргандар, кээ бир элдер “Нооруз” майрамын 3 күндөн 13 күнгө чейин майрамдашат деген салтты эске алышкандыр. Кантсе да буйрукта майрам күнү катары 22-март белгиленген. Демек, талаш дегенибиздин себеби, бардык мезгилдерде, доорлордо чыгыш элдери **“Науруз” – “Нооруз”** майрамын табиятта күн менен түн теңелип, жаңы күн, жаңы жыл, жаңы жашоо башталган күн катары 21-мартта майрамдап келишкен. Кандайдыр бир себептер менен Туркестан АССРинин БАК бул майрам күнүн атайын токтом, буйрук менен 22-мартка жылдырганы түшүнүксүз.

Эң негизгиси жаңы бийлик, жаңы саясий система менен жаңы турмуш, жаңы идеология кошо келип, жергиликтүү элдердин тарыхый өнүгүүсүндө зор бурулуштар пайда болуп, мурдагы улуттук баалуулуктардын, маданий мурастардын, ата-баблардан калган элдик каада-салттардын, үрп-адаттардын көбүнөн баш тартууга туура келип жаткан кезде, кандай болсо

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



да мурда бүткүл элдик, мамлекеттик деңгээлде майрамдалып жүргөн майрамды сактап калууга болгон аракет катары түшүнсө болот деген ойдобуз.

Биздин колго жеткен бул тарыхый документ биз үчүн абдан маанилүү, келе жаткан "Нооруз" майрамыбызды дал ошол күчөп келе жаткан жаңы идеология, атеизмдин кандуу кучагынан сактап калууга болгон, жергиликтүү бийлик эгедерлеринин, атка минерлеринин, келечектеги улуттук мамлекеттердин негиздөөчүлөрүнүн колдон келген аракети катары бааласак болот. Пикирибизде ошол кездеги Туркестан АССРинин БАК төрагасы, чыгаан мамлекеттик жана саясий ишмер Т.Рыскулов саясий, идеологиялык, атеисттик кырдаалды туура түшүнүп, жергиликтүү элдердин эң маанилүү майрамы "Ноорузду" сактап калуу үчүн ушундай кадамга барышы мүмкүн десе да болот.

Жогоруда белгиленгендей "Нооруз" майрамы Кеңеш доорунун мезгилиндеги 20-жылдарын ортосунан баштап өксүй, акырындык менен унутула түшкөнү, кийинчерээк тыюу салынганы маалым. Улуу муундардагылар жакшы билет, Кеңеш доорунун расмий майрамдарынын тизмегинде "Нооруз" майрамы болгон эмес. Кийин гана кайра куруу мезгилинде, 1986-жылдан баштап бул бүткүл элдик майрам кайрадан жандана баштаган. Кыргызстанда 1991-жылы 1-февралда Жогорку Кеңеште расмий түрдө майрам катары кабыл алынып, ошол кездеги Президенттин чечими менен расмий түрдө бүткүл элдик майрам катары жарыяланып, ар жылы 21-мартта "Нооруз" майрамы кеңири белгиленип, бүткүл эл тарабынан майрамдалып келе жатат.

Кандай болсо да бул документ, алдыдагы "Нооруз" майрамын эл эсинде сактап калууга болгон, Кеңеш доорунун алгачкы жылдарындагы бир аракеттин күбөсү экени талашсыз. Канча заман, доор, бийлик өзгөрсө да,эч өзгөрүүсүз калган, канчалаган тыю салуулар болсо да майрамдалып келген, элдин эсинен чыкпай, аруулуктун, тазалыктын, жаңылануунун майрамы катары келе жаткан жаркын, жаз майрамы "Нооруз" болгону талашсыз.

Учурда "Нооруз" майрамы биздин элде эле эмес, жер жүзүнүн көпчүлүк элдеринде, жаңыдан ойгонуп келе жаткан жаратылыштын жаңылануусун жана табияттын жандануусун жар салган жаз майрам катары белгиленет Ар жылы "Нооруз" - берекенин, молчулуктун, токчулуктун, эл арасындагы ынтымакчылыктын, ич ара түшүнүүнүн, адамдар ортосундагы терең ишенимдин, үзүлбөс үмүттүн учугун улаган улуу майрам катары улуу-кичүүлөр тарабынан, мамлекеттик, бүткүл элдик деңгээлде майрамдалат. Бул улуу күнү ар бир үйгө кут конуп, жакшылыктар, ийгиликтер жылоолоп, элибиз, журтубузга ынтымак-ырашкерлик, бакыт-таалай алып келсин деген илгери үмүттөр, калоо-тилектер ар бир адамда болот.

Учурда "Нооруз" майрамы ата-бабалардан мурас болуп калган улуу руханий дөөлөт катары да кабыл алынат. «Нооруз" майрамын биз табият менен адам баласынын таттуу мамилеси, ажырагыс символу, улуу тилектер менен үмүттөрдүн майрамы, күн менен түн теңелип, теребел көктөмгө бөлөнүп, адамдар бири-бирине жаркын маанай тартуулаган, ар бир үйдө дасторкон берекеге толгон майрам катары белгиленет. Ушундай руханий дөөлөтүбүз талыбай, арыбай уланып, элибизди, мамлекетибизди ийгилик коштосун деген ниеттерибиз орундалышын ар бирибиз тилек кылабыз. Демек, кыргыз элинде, кыргыз жеринде, кылымдарды карыткан, бирок майрамдык шаан-шөкөттөрү эч өзгөрүүсүз келе жаткан "Нооруз" майрамы өз сапарын улантууда.

Маалым болгондой 2009-жылы 30-сентябрда ЮНЕСКОнун адамзаттын материалдык эмес маданий мурастарынын тизмесине "Нооруз" майрамы бүткүл адамзаттын маданий мурасы катары киргизилген. Кийинки жылы, 2010-жылдын 23-февралында Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясынын 64-сессиясы "Нооруз" майрамы "Бардык элдердин эл аралык майрамы" деп чечим чыгарган резолюция кабыл алынган.

**Адабияттар:**


1. Абытов Б.К. Нооруз у кыргызов: в прошлом и настоящем// Навруз и историко-культурные традиции народов Центральной Азии: история и современность. - Душанбе, 2014. - С. 176-182.
2. Абытов Б.К. Что мы знаем о Ноорузе?// Информационно-аналитич.портал www.kyrgyztoday.kg. 20.03.2018. // "Нооруз" жөнүндө күтүүсүз буйрук // «Азаттык». Блогмиңсанат. 19-март, 2021.
3. Аталган буйруктун фотокөчүрмөсү автордун жеке архивинде сакталып турат, шилтеме бере турган түп нускасы тууралуу так маалыматтар сакталбай калган.